КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКТЕГИ XVСЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ОЧЕРЕДНАЯ XV СЕССИЯ XVIII
СОЗЫВА

# ТОКТОМ

**2022-жылдын 25-ноябрындагы** **№ 41** **Тамга айылы**

**Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнө**
**мүлк салыгын киргизүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-январындагы № 4 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктуна ылайык, айыл өкмөтүнүн киреше боюнча адистери Б.Орозбакованын, А.Касымбекованын маалыматтарын угуп, талкуулап, айылдык кеңештин 28-чакырылышынын 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-январындагы № 4 "Кыргыз Республикасыныын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктуна ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып мүлк салыгы киргизилсин.
2. Салык кодексинин № 404 беренесинин 4 пунктуна ылайык айыл чарба багытындагы эмес жер салыгынын чегерүүнүн коэфиценти (Кз) 1,0 бойдон кашарларга калтырысын, башкасы (Ки) 0,2 КН 1,034 бекитилсин.
3. Кыргыз Республикасынын 1994-жылдын 14-апрелиндеги № 1480-XII салыктык эмес төлөмдөр мыйзамынын 12-1-беренелерине ылайык, 2022-жылдын 1-январынан тартып Тамга айыл аймагы боюнча салыктык эмес жыйым баасы төмөнкүдөй баада бекитилсин:
   - жеке тарап түтүн ээлерине 50 сомдон белгиленсин.
   - жер участогунун 1 чарчы метринин базалык салыктык наркы 10 сомдон белгиленсин.
4. Салыктык эмес жыйым төлөмүн өз убагында чогултуу, ар бир айылдын айыл башчылары, киреше адистери менен чогултуу, банкка төгүү жагы милдеттендирилсин. Айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча адистери: Б.Орозбакова жана А.Касымбековага бет эсептерине убагында түшүрүп, тактап, айыл башчылар менен бирдикте өз мөөнөтүндө бүткөрүү жагы милдеттендирилсин.
5. Чогулган акча каражатын туура пайдалануу жагы каржы экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Орозбаковго милдеттендирилсин.
6. Салыктык эмес жыйым төлөмү, короо жай салыгы боюнча жеңилдик "Баатыр-эне", көп балалуу, 1-2-топтогу майыптар, Авган согушунун катышуучуларына жана жалгыз бой түтүн болуп камтылган жана тышкаркы жүргөн үйүндө эч ким жашабаган бирок түтүн болуп камтылган үй ээлерине берилсин.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**